| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги он тогузунчу сессиясы

# ТОКТОМ №19-1

Мундуз айылы 11-февраль 2026-жыл

## Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасынын ички көчөсүнө ысым ыйгаруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын, Кыргыз Республикасынын “Географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 9-февралындагы чыгыш № 01-28/266 сандуу катынын негизинде Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасынын ички көчөсүнө Кайназаров Абдиназардын ысымын ыйгаруу жөнүндөгү Кызыл-Туу айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 10-февралындагы отурумунун № 12 протоколу боюнча Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XIX сессиясы **токтом кылат**:

1. Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасынын ички көчөсүнө Кайназаров Абдиназаровдун ысымы ыйгарылсын.

2. Мындан ары жогорудагы белгиленген көчө Кайназаров Абдиназар атындагы көчө деп аталсын.

3. Көчөгө Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги он тогузунчу сессиясы

# ТОКТОМ №19-2

Мундуз айылы 11-февраль 2026-жыл

**Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасынын ички көчөсүнө ысым ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын, Кыргыз Республикасынын “Географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 27-январындагы чыгыш № 01-28/151 сандуу катынын негизинде Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасынын ички көчөсүнө Оморов Жалилдин ысымын ыйгаруу жөнүндөгү Кызыл-Туу айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 10-февралындагы отурумунун № 12 протоколу боюнча Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XIX сессиясы **токтом кылат**:

1. Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасынын ички көчөсүнө Оморов Жалилдин ысымы ыйгарылсын.

2. Мындан ары жогорудагы белгиленген көчө Оморов Жалил атындагы көчө деп аталсын.

3. Көчөгө Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги он тогузунчу сессиясы

# ТОКТОМ №19-3

Мундуз айылы 11-февраль 2026-жыл

**Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы жана 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгашаларын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 5-февралындагы чыгыш № 01-28/244 сандуу катына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышы жана 2026-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгашалары жөнүндө Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошованын билдирүүсүнүн негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 10-февралындагы отурумунун №8 протоколу боюнча Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XIX сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл-Туу айылдык кеңеши тарабынан Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин кирешелери атайын каражаттары жана трансферттер менен кошулуп 44550,2 миң сомго бекитилип, жыл ичинде такталган план 67452,6 миң сомду түзүп, 70250,1 миң сомго аткарылган. Ал эми чыгашалардын аткарылышы жыл ичиндеги кошумча каражаттар жана жыл башындагы калдыктар менен биргеликте 74591,1 миң сомду түзүп, отчетун канааттандырарлык деп табылсын.
2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылда айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджети атайын каражат менен кошулуп кирешелери жана чыгашаларынын көлөмү 58875,2 миң сом өлчөмүндө, анын ичинен жергиликтүү бюджеттик каражаттын көлөмү 43375,2 миң сомго, атайын каражат 15500,0 миң сомго бекитилсин.
3. Жергиликтүү бюджеттин көлөмү 43375,2 миң сом өлчөмүндө бөлүмдөр жана беренелер боюнча чыгымдарына биринчи кезекте корголоо алынган беренелерди каржылоого (эмгек акы жана социалдык фондко чегерүүгө, мектеп, бала-бакчаларды көмүр менен камсыз кылууга) багытталсын.
4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-февралындагы №81 токтомунун негизинде айыл өкмөтүнүн башкаруу бөлүмүндө жалпысынан 33 (отуз үч) штат бирдиги менен бекитилсин. Анын ичинен айылдык кенеш бөлүмүнө 3 штат бирдиги, аппарат бөлүмүнө муниципалдык кызматкерлерге 14 штат бирдиги, 10 штат бирдиги келишимдик негизде, ТОП жана МОП 5 штаттык бирдиги, 1 штат экономист-статист штат бирдиги белгиленсин.
5. Кызматкерлердин эмгек акысы Кыргыз Республикасынын Президентинин2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер

Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы №381 токтомуна ылайык келишимдик негизде алынган кызматкерлердин эмгек акысын эсептелген нормага ылайык 4394,2 миң сомго айлык акыларына жана социалдык фондго чегерүүлөр 658,3 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

6. Ыйгарым укуктар боюнча кызматкердин эмгек акысы республикалык бюджеттен төлөнүүсүн эске алуу менен жергиликтүү бюджеттен башкаруу бөлүмүнүн эмгек акы фондусуна 11585,7 миң сомго, анын социалдык фондго чегерүүсү 1579,6 миң сом, Айылдык кенеш бөлүмүнө 1228,9 миң сом,социалдык фондго чегерүүсү 161,4 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
7. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесине ылайык айыл өкмөтүнүн резервдик фонду 600,0 миң сом өлчөмүндө белгиленсин.
8. Айыл өкмөтүнүн башчысынын унаа чыгымдары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 токтомунун негизинде бекитилсин.
9. Башкаруу бөлүмүнүн жалпы чыгымдарынын бөлүнүшү 7592,8 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
10. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин2025-жылдын 25-июлундагы №633-т тескемесине ылайык,лизинг менен алынган кызматтык автоунаанын төлөмүн төлөөгө 346,3миң сом 2025-жылдын 15-августундагы №298 түзүлгөн келишимдин негизинде жана айыл өкмөткө сел каналдарды казууга жана башка айылдардагы жумуштарды аткаруу максатында лизинг менен алынган экскаваторго төлөмүн төлөө үчүн 1-2-кварталга 2004,6 миң сом 2025-жылдын 4-декабрындагы түзүлгөн келишимдин негизинде бекитилген тартиби боюнча төлөнүп берилсин.
11. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 48-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы “Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүндөгү жөнгө салуу жөнүндө” №301 токтомуна ылайык № 6 тиркемедеги жайыт пайдалануучулардан жыйналуучу 1000,0 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаттарды максаттуу пайдалануу айыл өкмөтүнүн муниципалдык ишканасынын башчысына милдеттендирилсин, аны көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
12. Э. Төрөбаев атындагы орто мектебине балдарды мектепке жеткирип туруу үчүн муниципалдык автобустун айдоочусунун айлык акысына жана социалдык фондго чегерүүсүнө (9 айга) 119,0 миң сом акча каражаты “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасына субсидия катары өткөрүлүп берилсин.
13. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылга коммуналдык чарба бөлүмүнүн чыгымдарынын бөлүнүшү 5974,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
14. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-августундагы №429 токтомуна ылайык Маданият бөлүмүнө 6 штат бирдиги жана анын эмгек акы фонду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 токтомунун негизинде 1272,4 миң сом, социалдык фондго болгон чегерүүсү 219,5 миң сом өлчөмүндө каралып, зыяндыктарды төлөөдө керектүү иш кагаздарынын негизинде эсептөө айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысына жүктөлүп бекитилсин.
15. Маданият үйүнө жана китепканаларга 2026-жылга түрдүү чыгымдарына жана учурда оңдоолорго 680,0 миң сом бекитилсин.
16. Билим берүү бөлүмү боюнча ар бир жалпы билим берүү мекемелери, мектепке чейинки билим берүү мекемелери, мектептен тышкары мекеме боюнча чыгымдалышы 9220,3 миң сом өлчөмүндө, атайын каражат эсебинен 15500,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин. Жаңы ачылган “Балалык” жана “Бийиктик” бала бакчаларынын кызматкерлерине эмгек акылары жана социалдык фонд чегерүүлөрүнө жергиликтүү бюджет эсебинен төлөөгө акча каражаты жетишсиз болгондуктан, Республикалык бюджеттен суралсын.
17. Мектептерди, бала-бакчаларды 2026-2027-окуу жылына карата отун-көмүр менен камсыз кылуу үчүн 3600,0 миң сом бекитилсин.

18. Аз камсыз болгон, турмуш шарты оор үй-бүлөлөргө, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга, багар көрөрү жок карыяларга, ата-энеси жок балдарга жардам берүү үчүн 1480,0 миң сом каралсын.
19. Жыл ичинде пландык көрсөткүчтөрдөн кошумча жыйналган кирешелер Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине ылайык пайдаланылсын.
20. Жергиликтүү бюджеттин чыгымдарына өзгөртүү киргизүүгө айылдык кеңештин сессиясына сунуш берүү Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э. Жолдошовага милдеттендирилсин.
21. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго жана Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э. Жолдошовага милдеттендирилсин.
22. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
23. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги он тогузунчу сессиясы

# ТОКТОМ №19-4

Мундуз айылы 11-февраль 2026-жыл

**Жергиликтүү бюджеттин калдыктарын иштетүү жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен калган 5804,4 миң сом, атайын каражат эсебинен 65,5 миң сом калган калдыкты 2025-жылдын сметасында каралып аткарылбай калган чыгымдарга жана башка зарыл чыгымдарга сарптоо жөнүндө Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошованын билдирүүсүнүн негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 10-февралындагы отурумунун №9 протоколу боюнча Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XIX сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү бюджетинин каржыланбай калган калдыкты жана 2025-жылда такталган киреше пландарынан ашыкча жыйналган каражаттар жалпы 5804,4 миң сом, атайын каражаттан 65,5 миң сом акча каражаты төмөндөгү чыгымдарды каржылоого бекитилсин. 2025-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар порталына берилип, каржыланбай калган 2156,4 миң сомду келишимдердин негизинде каржылоо №1 тиркемеге ылайык жумшалсын.
2. Калдык болуп калган 3648,0 миң сом акча каражатын Кызыл-Туу айыл аймагындагы 8 бала бакчалардын интернет төлөмүн төлөөгө 48,0 миң сом, Талаа-Булак, Мундуз, Кызыл-Сенир, Таштак, Бостон, Жашасын-2, Ак-Баш, Кашка-Суу айылдарына зарыл болгон көчөлөрүнө электр мамычаларын, электр зымдарын конструкциялары менен коюп берүү №2 тиркеменин негизинде жумшалсын.
3. Атайын каражат (ата-энелер төлөмү) эсебинен калган 65,5 миң сом акча каражаты балдардын тамак-ашына жумшалсын.
4. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго жана Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э. Жолдошовага милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
6. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**